# КАМКОРДУК ЖАНА ТАРТИП

ЖАҢЫ ЖАШОО БАШТАГЫҢ КЕЛСЕ,
- БИРИНЧИ МҮНӨЗҮҢДҮ КАЛЫПТАНДЫР.
ЖАМАН ОЙЛОРДОН АЛЫС БОЛ,
МАКСАТ КОЙ.

ЖАШООҢДО ТУШ БОЛГОН
КЫЙЫНЧЫЛЫКТЫ ТЕЗ ЧЕЧ,
АНТПЕСЕҢ, ЭРТЕҢ АЛ КЫЙЫНЧЫЛЫК
ЭКИ ЭСЕ КӨБӨЙӨТ.

ЭМНЕНИ КЫЯЛДАНСАҢ,
ОШОГО СӨЗСҮЗ ЖЕТЕСИҢ.



*Альчиев Карагул*

Жаштардын, дегеле келечектеги муундардын, эли-жерин, ата-тектерин биле жүрүшсө экен дегенге дагы, Зарылкан көп маани берчү эле.

Мисал катары, **Альчиев Рысбектин** өзүнүн атасы **Карагул** жөнүндөгү эскермесинде мындай дейт: *«Бир жылы жайында, биз атабыздын кичи мекени болгон, Ананьево айылына барганда, биздин тууганыбыз* ***Зарылкан*** *- байке баарыбызды - атам, апам, мени жана Эрмекти бийик тоодогу - кордонго алып барды. Лесхозго келип, унааларыбызды таштап, андан ары токойдун тереңине жүк ташуучу унаа менен жөнөдүк. Биз, өзүбүз үчүн ыйык жерлерге, чоң атабыз Айылчынын жерлерине бараттык. Булар, элге белгилүү "Айылчынын жайлоосу" жана "Айылчынын булагы" болгон. Ал жерлерди азыркыга чейин ушундай деп аташат. Илгерки мезгилдерде, бул биздин чоң атабыздын ээлеген жерлери болгон. Бул жер абдан кооз жер. Тээ алыста карлуу чокулардын фонунда бийик Тянь-Шань карагайлары, эбегейсиз токой бар. Ошол эле катарда, аябай кенен жайлоо альп шалбаасы. Ал жерде көптөгөн чөптөр жана гүлдөр бар! Булар ушу күнгө дейре сакталып калган таза сулуулук, тап-таза аба!*

*Илгери-илгери ушул жерде Айылчы чоң атабыздын малы оттоп жүргөн. Кээде ал ушул булактан суусага-*

*нын кандырып, намаз окуп, чоң таштарга чыкса керек. Бул булактын суусу өтө таза жана абдан даамдуу.*

*Ал күнү кечке ошол жерде эс алып, бак-дарактын чайырын, сагыз кылуу үчүн, тоо карагатын чогултуп, булактан суу ичтик. Ата-бабаларга багыштап кой союлду. Папабыз бизге ушунчалык кызыктуу кылып жана сыймыктануу менен, алар жөнүндө айтып берди...*

*...Атактуу Жанузак-атанын тууганы болгон Айылчы чоң атабыздын сөөгү кайда көмүлгөндүгүн, биздин туугандарыбыздан эч ким билбейт, - деп атам сөзүн бүтүрдү. Анын акылдуу жылтылдаган көздөрүндө, атасына болгон кайгы жана чоң кусалык болуп турду. Ошол учурда мен ага эч кандай маани берген эмес элем. Азыр болсо, атамды эстеп, аны жакшы түшүнүп жатам."* – деп эскерет Рысбек.

**Ананьево айлына,** Улуу Ата мекендик согуштан мурда эле, орус калкы менен бирге, немис улутундагы элдер дагы көчүрүлүп келишкен. Алардын дээрлик көпчүлүгүнүн колдору чебер келишип, ар кандай техникага жакын болоору белгилүү болгон. Үй тиричиликте колдонуучу буюм-тайымдарды оңдоодо, үй жылытуучу мештерди, сантехникаларды жасап орнотууда, өздөрүнүн ыкмалары, жөндөмдөрү жогору эле. Алар Зарылкан менен жакшы мамиледе болушуп, бири бирине колдон келген жардамдарын аяшчу эмес.

Бул айтылгандарга байланыштуу бир окуяны эскере кетели. Кийинки эле, 2018-жылы, **Зарылкандын** иниси **Токтосундун Жолдошбай** деген кудасынын балдызы **Эсенай** турмушка чыгып жолдошу менен Германиянын

Бад-Дрибург шаарына барып жашап калат. Анан, жашаган үйгө жакын жердеги аптекага кээде барып даары алып жүрөт.

Бир жолкусунда аптекада иштеген орто жашка барып калган аял сурап калат, немисче, азиятка экенин көрүп:

-*"Атың ким, кай жерлик болосуң"* – деп.

- *"Кыргызстандан"* -деп жооп берет Эсенай. Бул сөздү укканда немис аял сүйүнүп, орусча айтат:

-*"Оо, жердеш турбайбызбы, биз мурда ал жакта Ананьево айлында, кийин Кант шаарынын четиндеги Люксембург деген жерде жашаганбыз. Кыргызстан аябай жакшы жер, ал жакта биздин көптөгөн жакшы досторубуз, санаалаштарыбыз бар эле. Мисалы, Ананьеводо Азаров Зарылкан деген аябай жакшы досубуз болор эле, биз бул жака көчүп кетип кабарлаша албай да калдык, кандай турушат болду экен"* -десе, Эсенай айтат:

-*"Мен аларды тааныйм, ал менин жездем Азаров Рахаттын атасынын агасы болот, алар жакшы турушат"* -деп.

Аны укканда тиги аял ого бетер сүйүнүп, бир окуяны айтып берет:

-*"Менин атым* ***Ирина****. Күндөрдүн биринде, атам* ***Эвальт Миллер*** *Зарылкановичтин үйүндөгү жылытуучу мештин ремонтуна жардам берип жүрүп, аялы* ***Фриденин*** *ооруп жүргөнүн айтып калат, Зарылкан, "Доктурга алып барбайсыңбы" -десе, "Ананьевонун доктурлары жардам бере албай коюшту" -дейт. Аны укканда, Зарылкан ошол замат үйдөгү ишти токтотуп, Эвальтты үйүнө алпарып, Фриде экөөнү өзүнүн маши-*

*насына салып, Фрунзеге (Бишкеке) алып барып, өзүнүн тааныш болгон тажрый-балуу доктурларга табыштап больницага жаткырат, ошону менен токтоп калбай, ал досубуз телефон менен болсо дагы көзөмөл кылып атып, апамдын айыгышына зор жардамы тийген. Ал досубуздун, жердештерине, улутуна карабай, баарына тең мамиле кылгандыгы үчүн баарыбыз сыйлачубуз."* -дейт Ирина. Анан:

-*"Качан ал жака барасың, биз ал бир туугандай болуп калган досубузга белек берип ийет элек"* – дейт.

Ошентип, жакшы бир белектерин даярдап, Эсенай кетип атканда берип ийишет:

-*"Бул белекти жакшылап алпарып, Азаровичке бизден чоң салам айтып тапшырып койчу"* -деп узатышат.



Фриде, Эвальт. 2020-ж.

Эсенай Бишкеке келип, жездеси Рахатка тапшырып, окуянын чоо-жайын түшүндүрөт. Рахат ал белекти Ананьевого алып барып Зарылкан атасына тапшырып, сүрөткө тартып, сүрөт менен кошо Азаровичтин ыраазычылык жообун Эвальттын үй бүлөсүнө электрондук почта аркылуу салып ийишет.

А жакында болсо, Эвальттын кызы Иринадан Эсенайга кат келиптир. Ал жазыптыр: "Недавно была у родителей и вспоминали друзей из Кыргызстана и вот как охарактеризовал отец своего друга Зарылкана. "Он был очень

благодарный человек. Ценил трудолюбие, смекалку, находчивость. Однажды был случай, что когда родился один из его сыновей, решили организовать той по этому случаю. Но к сожалению, в этот день в одном помещении в доме, из-за неполадки отопительной системы, образовалась дыра на потолке и Зарылкан был очень расстроен и не знал что делать. Я быстренько залатал, заштукатурил потолок в течении нескольких часов. И той состоялся в назначенное время, он был очень благодарен.

Умел очень хорошо считать, руководить людьми. Любил порядок, все подчиненные уважали его, когда он был в офисе, там стояла тишина, все работали как часы.

Не делал различий между национальностями, положением. Обращал внимание на умение, трудолюбие. Он мог отчитать за допущенные погрешности. Всегда помогал, если его просили."

Как то раз, мама совершенно случайно зашла в галантерейный магазин, а Зарылкан там покупал жене какие-то укращения. Увидев маму, поздоровавшись совершенно неожиданно подарил ей такое же укращение.

А когда ее положили в клинику, когда у нее был критический момент, он поругал, побранил главврача за то, что он долго выжидал, ничего не предпринимал. За это мы ему будем благодарны всю жизнь.

В последние годы, когда отец навестил его, он был очень рад встрече. Тогда он лежал на топчане, смотрел в окно и интересовался Германией. "Ну как там? Хорошо?"

А мама делилась рецептом зимнего салата из овощей с его женой (с Уулбүбү)."

Мына ушундай кат келиптир Германиядан.

**Зарылкан** турмушунда, ушул сыяктуу ар улуттан турган көп досторду күттү. Мисалы, балкар улутундагы **Султанов Муксим Ахматович** ошондой достордун бири эле. Муксим көп жылдар бою Даярдоо конторасында кампачы болуп үзүрлүү эмгектенип жүрдү. Бул инсан менен көздөрү өткүчөктү, бири-бирин өтө терең урматтоо менен өмүрлөрүн өткөрүшкөндүгү жаштар үчүн өрнөк боло тургандай эле.

**Ушуга эле улай,** дагы бир досун эскере кетсек туура болчудай. Фрунзе шаарында турган, тергөөчү болуп иштеген **Торопов Леонид** деген досу бар эле. Бир жолу ошол досу телефон чалып, Москвадан Кыргызстандын Ички иштер министрлигинин ишин текшерип келген комиссия менен Каракол шаарына келгендерин айтат (Советтер Союзу күчүндө болгон кези). Аны укканда, Зарылкан Каракол шаарына, алар жайгашкан мейманканага барып, жогор жактан келген өтө абройлуу текшерүүчүлөрдүн сүрүнөн алапайын таппай калган досун көрөт. Алар менен таанышкандан кийин, Ысык-Көлдүн бир-эки жакшы жерлерин көргөзүп келейин, бир-эки саатта келип калабыз деп, досунун текшерүүчүлөрүн алып кетип, кыргыздардын өтө меймандостугун көрсөтүп жүрүп, мейманканага бир топ кеч маалда келишет. Эртеси, эртең менен кайра келип, бир аз баш жазып келели деп чыгышып, кайра эле кеч келишет. Анын эртеси, алар Леонидге айтат: -*“Сенин бул досуңдүн меймандостугуна биз аябай ыраазыбыз. Ушундай досуң болсо, сен дагы жаман адам эмес болушуң керек”* – дешип оң корутундуларын чыгарышып, кайтышкан экен.

Торопов Леонид Кыргызстандын Ички иштер министрлигинде, Генералдык прокуратурада тергөөчүлүк кызматтарда иштеп, бир топ чуулгандуу иштердин бетин ачкан.

**Зарылкан Азарович** өзү тартипти терең сактоо менен бирге, кол алдында эмгектенген кызматкерлерден да ошону катуу талап кылаар эле. Кызматкерлердин айтуусуна караганда, “Азарович жумушта отурганда, баардык бөлүмдөрдө чымындын учканы угулуп тураар эле”.

Ысык-Көл районунун “Ардактуу Атуулу” Жаркынбаев айлынын Аксакалдар сотунун төрагасы **Амантуров Шаршендин** эскерүүсүнөн. (Январь,2021-ж.) *"1985-жылы Ысык-Көл районундагы XXII-партсъезд атындагы чарбанын, башкы бухгалтери болуп Азаров Зарылкан ава иштей баштады, көп убакыт өтпой эле бул чарба Ысык-Көл мамлекеттик, ийри мүйүздүү малдарды бордоп семиртүүчү ирилештирилген атайын чарба болуп кайра түзүлдү.*



Ш.Амантуров менен.

*Чарба тез аранын ичинде, райондогу алдыңкы чарбага айланды. Мамлекеттин эт планын ашыра орундаткандыгы үчүн республикада макталып, өтмө Кызыл Тууга татыды. Зарылкан ава жекеле чарбанын экономикасын, көтөрүүнүн үстүндө эле иштебей, айыл тургундарынын, өзгөчө жардамга муктаж кары-картаңдардын*

*абалынан кабар алып, чарбанын жетекчисинин планеркасында ушундай көйгөйлөр туралуу ар дайым кеңешин айтып, сунуштарын берип турар эле.*

*Согушта курман болгон Кыдырмышев Сапардын байбичеси, экинчи группадагы майып Муратбекова Каличанын жашаган үйүнүн суу аккан чатырын кайрадан жаңылап, эшик терезесин жылуулап, үйдү толук ремонттон өткөздүрүп айылдын элинин зор алкышына татыган.*

*Райондук акимчилик чарбанын директорлугуна, акимчилик тарабынан сунушталган адамды айылдын эли кабыл албай, Азаров Зарылкан аваны директорлука жалпы жыйында эл бир добуштан көрсөтүшкөн. Зарылкан ава трибунага чыгып “Айланайын элим, бир туугандарым ишенимиңиздерге чоң рахмат, мен пенсиялык курака келип калдым, жаштарга жол берейин, сиздерге чоң рахмат” - деп жатып элди тынчыткан.*

*Зарылкан аванын иш билгичтиги, жардамга муктаж адамдарга кылган көптөгөн жакшылыктары айыл элинин эсинде, азыркыга чейин жылуу сөздөр менен айтылып келет."*

Муктаж болгондорго жардам кылуу менен бирге, тартип бузгандарга, өтө эле терс көз караште эле. Өзгөчө, жакындары тартип бузганга катуу тынчсызданчу эле.

**Бир күнү,** үйгө түштөнүүгө келип, кайра жумушка баратып, ГАЗ-69 автомашинасын айылдын ичи менен айдап, аталаш инисинин ал-ахвалын биле кетейин деп, **Кожокандын** үйүнө токтойт (Кожокандын чоң атасы Байзак менен Азар бир тууган болгон). Келини, **Зина** нан коюп жарма куят. Жармадан ичип, *“Кандай турасыңар,*

*эмне кем-карчынар болуп атат"* – деп, сурап калат. Келини, – *"Жакшы эле, бирок иниңиз "баягыдан" ичип коюп атат"* – дейт. Зарылкан ордунан туруп, кетмекчи болуп короого чыгат. Ал аңгыча атын минип, уйларды кайтарып жүргөн Кожокан тамактанууга келип калат. Колунда кайыштан өрүлгөн узун шапалагы бар.

Учурашкандан кийин, *"Берчи алдагыны"* – дейт Зарылкан. Иниси көрүп берет экен деп, шапалагын берет. Зарылкан шапалакты алып туруп, аттын үстүндө олтурган инисин көздөй шилтегенде, шапалактын учу тигинин мойнуна ороло түшөт, ошо кезде шапалакты тартканда иниси аттан жерге кулап түшкөндө, дагы эки-үч ирет шапалак менен чаап ийет, *"И, ичип кыйын болуп калдыңбы"* -деп. Ошо кезде келини кайнагасынын колунан кармап, *"Ава мен жөн эле айттым эле, көп деле ичкен жок"* – деп күйөсүн калкалап калат. *"Ичкениңди экинчи укпайын"* – деп жумушуна кетип калат. Ошондон кийин ичкенин укпайт.

Ошенткен менен, Кожокандын колдору "алтын" эле. Себеби, анын тубаса даарыгерлик жайы бар болуп, колу менен эле массаж кылып атып, орус - кыргыз дебей элдин бир тобунун оорусуна натыйжалуу жардамы тийип келген. Мындай, даарыгерлик жөндөмдү, Кожокан 40-45-тен өтүп калганда гана колдоно баштаган. Бирок, энеси **Зуура** мунун кичинекей кезинде эле байкап, *"Бул баламдын бир чымыны бар"* – деп айтып калчу экен.

Өзгөчө, Кожокан туугандарыныкына, же тааныштарыныкына коноко барганда, чогу коноко келгендердин көпчүлүгү, аны бир бөлмөгө чакырып алышып, ооору-

ган жерлерин айтышып, көрүп берүүсүн суранышат эле. Көрө баштаганда ал бөлмөгө меймандар кезек күтүп отурушчу. А, бөлмөнүн ичинен, көрүнүп аткандардын, Кожокандын массажына чыдабай кокуйлаган үндөрү чыгып, бүткөндөн кийин, *"Өх, жыргап, жеңилденип калбадымбы"* – деп рахматтарын айтышчу.

Кожокандын балдары дагы адептүү чоңоюшуп, өз турмуштарын тың жүргүзүшүүдө. Алардын ичинен **Темирбек** көп жыл Ички иштер министерствосунун структураларынын биринде ийгиликтүү кызмат өтөп, полковник званиесин алып, пенсияга чыккан.


*Темирбек*

Зарылкан тартипти катуу сактоо менен бирге, кызматчыларына абдан жакшы көз салып, ар биринин үй-шартынан бери маалыматы болуп, ошого жараша аларга тиешелүү жардам кылып турчу. Ошентип, Зарылкан бир тууган эле эмес, айылдаштарынын арасында дагы терс жүрүш-туруштарга катуу карачу эле. Ошону менен бирге, коллектив эле эмес, бүт айылдын жашоочуларынын арасында да чоң кадыр-баркка ээ болгон.